| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XIV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 23-апрелиндеги №194 — Кара-Коо айылы

**Калкагар айылындагы Асанкадыр Султанкулов атындагы №14 мектепке чейинки билим берүү уюмуна электр энергиясы үзгүлтүккө учураганына байланыштуу, узуну 4 метр, туурасы 3 метр болгон очоккана салууга акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Асанкадыр Султанкулов атындагы №14-мектепке чейинки билим берүү уюмунун директору Д.Зайдинованын кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Калкагар айылындагы Асанкадыр Султанкулов атындагы №14 мектепке чейинки билим берүү уюмуна электр энергиясы үзгүлтүккө учураганына байланыштуу, узуну 4 метр, туурасы 3 метр болгон очоккана салууга акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы социалдык экономикалык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**